практикалык билими калыптанган адистерди даярдоого олуттуу салым кошууда. Изилдөөчүлөргө туура багыт берип, алардын ар биринин жеке мүмкүнчүлүктөрүн ачууга шарт түзүүсү окумуштуунун устаттык чеберчилигин айгинелейт.

Мындай кеңири масштабдагы илимий ишмердүүлүк өлкөдө илимий адистерди даярдоого олуттуу салым кошуп, Ж. Чымановдун окумуштуу, педагог жана илимий жетекчи катары кыргыз тил илиминдеги ордун айгинелейт.

Колдонулган адабияттар

1. Чыманов Ж. Байланыштуу кепти окутуунун негиздери. – Бишкек, 1997. – 96 б.
2. Чыманов Ж. Тил жана кеп жөнүндө сөз. – Бишкек, 2005. – 148 б.
3. Чыманов Ж. Кыргыз тили: сабактын теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2007. – 103 б.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тили: окутуу методдору. – Бишкек, 2007. – 97 б.
5. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек, 2009.
6. Чыманов Ж. Кыргыз тили: сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. – Бишкек, 2009. – 64 б.
7. Чыманов Жеңишбек Арыпович: библиографиялык очерк. – Бишкек, 2025. – 151 б.
8. Чыманов Ж. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.
9. Сартбаев К. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1978.
10. Үсөналиев С. Кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Фрунзе, 1975.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доцент Черикбаева Н.

УДК: 82-14(575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-213-220

Оторбаев Б.К., Жыргалбекова А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Оторбаев Б.К., Жыргалбекова А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Otorbaev B.K., Zhyrgalbekova A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0009-5102-6351
ORCID 0009-0007-5498-4411

ПРЕДМЕТ АРАЛЫК БАЙЛАНЫШ: «КАНЫБЕК» РОМАНЫН 10-КЛАССТА ТАЛДАП ӨЗДӨШТҮРҮҮНҮН МЕТОДИКАЛЫК ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ
МЕЖПРЕДМЕТНЫЕ СВЯЗИ: МЕТОДИЧЕСКИЕ ОСОБЕННОСТИ АНАЛИЗА И ИЗУЧЕНИЯ РОМАНА «КАНЫБЕК» В 10 КЛАССЕ
INTERDISCIPLINARY CONNECTIONS: METHODOLOGICAL FEATURES OF ANALYZING AND STUDYING THE NOVEL «KANYBEK» IN THE 10TH GRADE

Кыскача мүнөздөмө: Макалада окутуу процессинде негизги роль мугалимге таандык экендиги, өсүп келе жаткан жаш муунга билим жана туура тарбия берүүдө ал жогорку жоопкерчиликти талап кылган милдеттерди аткарары айтылат. Адабият мугалими окуучуларга ар тараптуу жана терең билим берүү үчүн өз предметинен тышкары мектепте окутулган башка предметтер боюнча да кеңири маалыматка ээ болушу зарыл. Окутуу процессинде предмет аралык байланышты колдонуу окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатуу менен катар башка предметтер боюнча алган билимдерин толуктоого жана бекемдөөгө өбөлгө түзөт. К. Жантөшевдин «Каныбек» романын 10-

класста предмет аралык байланыштын негизинде талдап өздөштүрүү өзгөчө мааниге ээ. Предмет аралык байланыш мугалим тарабынан жаңы теманы түшүндүрүүдө, өтүлгөн материалдарды кайталоодо, окуучулардын мурда алган билимдерин бышыктоодо жана бекемдөөдө колдонулат. Макала студенттерди, магистранттарды жана мектеп мугалимдерин адабият сабагындагы предмет аралык байланыштын өзгөчөлүктөрү, ошондой эле «Каныбек» романын 10-класста предмет аралык байланыштын негизинде талдап өздөштүрүүнү уюштуруу маселелери менен тааныштырууга багытталган.

Аннотация: В статье отмечается, что основная роль в образовательном процессе принадлежит учителю, который выполняет ответственные задачи по обучению и воспитанию подрастающего поколения. Для обеспечения всестороннего и глубокого образования учащихся учитель литературы должен обладать знаниями не только по своему предмету, но и по другим дисциплинам, изучаемым в школе. Использование межпредметных связей в образовательном процессе способствует повышению интеллектуального уровня учащихся, а также дополнению и закреплению знаний, полученных ими по другим предметам. Особое значение имеет анализ и изучение романа К. Жантошева «Каныбек» в 10 классе на основе межпредметных связей. Межпредметные связи используются учителем при объяснении новой темы, повторении пройденного материала, обобщении и закреплении ранее полученных учащимися знаний. Статья направлена на ознакомление студентов, магистрантов и школьных учителей с особенностями межпредметных связей на уроках литературы, а также с вопросами организации анализа и изучения романа «Каныбек» в 10 классе на основе межпредметных связей.

Abstract: The article emphasizes the central role of the teacher in the educational process and the teacher’s responsibility for educating and guiding the younger generation. To provide students with comprehensive and in-depth knowledge, a literature teacher should be knowledgeable not only in literature but also in other subjects taught at school. The use of interdisciplinary connections in the educational process contributes to students’ intellectual development and helps them supplement and consolidate the knowledge acquired in other subjects. Particular attention is paid to the analysis and study of K. Zhantoshev’s novel «Kanybek» in the 10th grade through interdisciplinary connections. Such connections can be used when introducing a new topic, reviewing previously studied material, and consolidating students’ prior knowledge. The article is aimed at familiarizing students, master’s students, and school teachers with the use of interdisciplinary connections in literature lessons and with approaches to organizing the analysis and study of the novel «Kanybek» in the 10th grade through interdisciplinary connections.

Негизги сөздөр: предмет аралык байланыш; адабиятты окутуу; адабият мугалими; «Каныбек» романы; 10-класс; талдап өздөштүрүү; окутуу методикасы.

Ключевые слова: межпредметные связи; преподавание литературы; учитель литературы; роман «Каныбек»; 10 класс; анализ и изучение; методика преподавания.

Keywords: interdisciplinary connections; literature teaching; literature teacher; *Kanybek* novel; 10th grade; analysis and study; teaching methodology.

Мектептеги окуу процессинде билим берүүнүн сапатын жогорку деңгээлге көтөрүү ар дайым актуалдуу маселелердин бири болуп келген жана азыркы учурда да билим берүү системасынын кызматкерлерин түйшөлткөн негизги маселелердин бири болуп саналат. Педагогикада жана окутуунун методикасында бул маселеге байланыштуу изилдөөлөр жүргүзүлүп, ар түрдүү көз караштар айтылып, жаңы методикалык табылгалар сунушталып келет. Мунун баары методика илимин, анын ичинде адабиятты окутуунун методикасын «кантип окутуу керек?», «кандай жол, ыкма менен окутуу керек?» деген мыйзамченемдүү суроолорго жооп издөөгө багыттайт.

Демек, адабият сабагынын материалдарынын негизинде ар түрдүү методдорду жана ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучуларга талаптагыдай, жетиштүү жана жугумдуу билим берүүдө мугалимдин

ролу чоң. Мугалим келечек муундун интеллектуалдык билим деңгээли жогору, ар тараптуу, эрудициясы кең, татыктуу инсан болуп калыптанышына кам көрүүгө тийиш.

К. Жантөшевдин бизди кызыктырган «Каныбек» романын, дегеле адабият сабагын окутуудагы билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү максаттарынан келип чыгуучу иш-аракеттерди романдын материалдарынын негизинде карап көрүүгө болот. Мектептин жогорку класстарында бул иш-аракеттер адабият мугалими менен окуучунун билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталган, иретке салынган жана өз ара тыгыз байланышкан ишмердүүлүгүнүн комплекси, башкача айтканда, окутуу процессин уюштуруунун технологиясы жана методикалык системасы катары каралат.

Албетте, мугалим менен окуучунун ортосундагы дидактикалык маселелерди чечүүгө багытталган мындай өз ара иш-аракеттер бүгүн эле пайда болгон эмес. Анын алгачкы белгилери байыркы дооpлордо эле калыптанып, практикада колдонула баштаган.

Ошондон тартып бул маселе изилдөө объектисине айланып, окутуу процессинин мазмунун аныктоочу факторлордун бири катары каралып келет. Демек, мугалим окутуунун мазмунун өркүндөтүүдө окутуу методдорун жаңы шарттарга ылайыкташтырып колдонууга тийиш. Ушул өңүттөн алганда, мектептеги окуу-тарбия процессинде окутуунун мазмуну менен методдору өз ара тыгыз байланышкан түшүнүктөр катары каралышы зарыл. Изилдөөбүздүн объектиси болгон «Каныбек» романын предмет аралык байланышта окутуунун натыйжалуулугу да мазмун менен методдун өз ара байланышын камсыз кылууга негизделет.

Өткөн кылымдын 90-жылдарында профессор К. Иманалиев белгилегендей, «окутуунун мазмуну жана методу диалектикалык философиянын жаратылыш жана коомдун тынымсыз кыймылда болуусу, өсүп-өнүгүү, карама-каршылык жана өз ара байланыштуулугу жөнүндөгү мыйзамдарын методологиялык негизи кылып алат жана ошолордун негизинде окутуу жана тарбия жумуштарын ишке ашырат» [1, 147-б.].

Окутуу процессинин натыйжалуулугун жогорулатууда мугалимдин, педагогдун алдында жаңы методдорду издөө, аларды колдоно билүү жана негизги максатка тийгизген оң жана терс таасирин аныктоо милдети дайыма коюлуп келген. Окутуу ишинде негизги роль мугалимге таандык. Өсүп келе жаткан жаш муунга билим берүүдө жана туура тарбиялоодо ал жогорку жоопкерчиликти талап кылган милдеттерди аткарат. Болочок инсанды — коомдун татыктуу мүчөсүн калыптандырууда адабият мугалиминин орду өзгөчө.

Демек, адабият мугалими мыкты педагог болуу менен катар, окуучуга ар тараптуу жана терең билим берүү үчүн өз предметинен тышкары адамдардын өз ара мамилелери, курчап турган дүйнө, мектепте окутулган башка предметтер жөнүндө да кеңири маалыматка ээ болушу зарыл. Тактап айтканда, адабият мугалиминен кеңири эрудицияга жана ар тараптуу билимге ээ болуу талап кылынат. Анткени дүйнөлүк руханий баалуулуктарга таянып, алардан тиешелүү мисалдарды келтирүү аркылуу гана окуучунун интеллектуалдык дүйнөсүн байытып, ар тараптуу инсан катары калыптануусуна өбөлгө түзүүгө болот. Мындай даярдык К. Жантөшевдин «Каныбек» романы сыяктуу көлөмдүү чыгарманы предмет аралык байланыштын негизинде өз деңгээлинде, мазмундук жана көркөмдүк баалуулугун төмөндөтпөстөн окутуу үчүн да зарыл.

Белгилүү педагог В. А. Сухомлинский Павлыш орто мектебинин директору болуп иштеген мезгилде, өзү адабият мугалими болуу менен бирге, мектепте окутулган башка предметтер боюнча да кеңири билимге ээ болуп, алардын сабактарына катышып, ар бирине кесиптик деңгээлде талдоо жүргүзө алгандыгы айтылат. Албетте, ар бир адабият мугалиминен Сухомлинскийдей ар тараптуу билимге ээ болууну талап кылуу реалдуу шарттарга туура келбейт. Ошентсе да адабият мугалими өтүлүп жаткан теманы предмет аралык байланышта окутууга жетиштүү деңгээлде даяр болуп, тиешелүү предметтер, реалдуу коомдук турмуш жана дүйнөлүк руханий баалуулуктар боюнча зарыл маалыматтарга ээ болушу максатка ылайыктуу.

Предмет аралык байланыш маселеси методика илиминде жаңы маселе болуп эсептелбегени менен, аны атайын изилдөө жана окутуу практикасында системалуу колдонуу 1980-жылдардан

кийинки мезгилде активдеше баштаган. Коомдун өнүгүшү, илимий прогресстин тездик менен алга жылышы билим берүү системасында да жаңы методдорду жана ыкмаларды колдонуу зарылдыгын жаратып, сабак өтүүнүн калыптанып калган салттуу формаларын жаңылоону талап кылган. Ушунун натыйжасында сабак учурунда мугалим менен окуучунун жана окуучулардын өз ара байланышын активдештирүүгө, демократиялаштырууга негизделген кызматташуу педагогикасы, ошондой эле мазмуну жана тематикасы жагынан жакын предметтерди өз ара байланыштырып окутуу билим берүү тармагындагы актуалдуу маселелердин бирине айланган. Предмет аралык байланышты окутуу процессинде натыйжалуу колдонуу мугалимден тиешелүү методикалык даярдыкты талап кылган маанилүү иш-аракеттердин бири болуп саналат.

Бул маселени профессор К. Иманалиев өз учурунда мындайча түшүндүргөн: «…окутуу жана тарбиялоо жумушунун алдында турган зор милдеттер жана перспективалар белгиленди. Азыркы учурда өлкөбүздө элге билим берүүнү өркүндөтүүдөгү орчундуу милдеттердин бири – …мектепте окутуунун, эмгекке жана адептүүлүккө тарбиялоонун сапатын жогорулатуу, окутуунун турмуш менен байланышын иш жүзүндө бекемдөө, окуучуларды коомдук пайдалуу эмгекке даярдоону жакшыртуу болуп отурат. Алдыга коюлган бул маанилүү милдетти иш жүзүнө ашыруу баарыдан мурда билим берүү жана тарбиялоо ишин ажырагыс бирдикте жүргүзүү, ага комплекстүү мамиле жасоо аркылуу мектептердин турмуш менен байланышын чыңдоону күн тартибине алып келди. Бул маселени чечүүдө предмет аралык байланыштын дидактикалык жана методикалык жактарын иштеп чыгуунун мааниси зор» [2, 112–113-бб.].

Мугалимдин сабак учурундагы ар бир иш-аракети окутуунун методикасы менен тыгыз байланышта болот. Методикалык даярдыксыз мугалим сабактын мазмунун тиешелүү материалдар менен байланыштырып, окутуу процессин туура жана ырааттуу уюштура албайт. Ар бир мугалим сабак өтүүдө өзүнүн милдетин жана аткара турган ишин так билиши керек. Ошону менен катар теманы түшүндүрүүдө өз предметинин материалдары менен гана чектелбестен, мектепте окутулган башка предметтер боюнча да жетиштүү маалыматка ээ болушу зарыл.

Адабият жана башка предметтер боюнча өркүндөтүлгөн мектеп программаларында предмет аралык байланышты колдонууга өзгөчө көңүл бурулуп, ал окуу процессинде ишке ашырылууга тийиш болгон маанилүү маселелердин бири катары белгиленген. Муну менен катар адабият сабагынын башка предметтер менен болгон байланышы көрсөтүлүп, өтүлүүчү темаларды тиешелүү предметтердин материалдары менен байланыштырып окутууга басым жасалган.

Адабият мугалими сабакта тарых, коом таануу, сүрөт жана музыка предметтери менен болгон байланышка көңүл бурушу зарыл. Жаңы материалды окуучуларга түшүндүрүүдө чыгарманын тарыхый чындык менен болгон байланышын ачып көрсөтүп, фактологиялык материалдарга таянуу аркылуу окуучуларды коомдук көрүнүштөрдү туура аныктоого жана айлана-чөйрөнү аңдап билүүгө үйрөтүүгө тийиш. Ошондой эле мугалим «искусствонун ар кандай түрлөрүнүн тематикалык, проблемалык жана авторлордун идеялык-эстетикалык позицияларынын жалпылыгына байланыштуу искусство чыгармаларынын өз ара байланышын белгилей билүүсү зарыл. Ошондуктан азыркы учурда окуу материалдарын ар тараптан терең үйрөнүү, ар түрдүү билимдерди өз ара синтездөө, алардагы жетектөөчү идеяларды ачуу, илимдин негиздери жөнүндөгү түшүнүктөрдү калыптандыруу мектепте адабиятты окутуудагы өтө орчундуу маселелердин биринен болуп калды. Ошондуктан мектеп окуучуларында диалектикалык-материалисттик көз караштарды калыптандырууну, алган билимдеринин бирдиктүү илимий системасын түзүүнү предмет аралык байланыштын негизинде иш жүзүнө ашыруу айрыкча мааниге ээ болуп отурат. Ошондой эле синтезделген билимди колдонуу жолу менен азыркы учурдагы илимий, социалдык жана өндүрүштүк милдеттерди окуучулардын туура түшүнүүсүндө да предмет аралык байланыштын ролу жогорулоодо» [2, 114-б.].

Демек, жогоруда белгиленгендей, келечек муундарга ар тараптуу жана сапаттуу билим берүүдө предмет аралык байланыштын мүмкүнчүлүктөрү кеңири болуп, анын мектеп программасына системалуу түрдө киргизилиши мыйзамченемдүү көрүнүш катары каралууга тийиш. Тактап айтканда, предмет аралык байланышка болгон кызыгуунун жылдан-жылга өсүшү билим берүү процессинин

өнүгүшүнөн келип чыккан табигый зарылдык катары түшүндүрүлүшү керек. Бирок предмет аралык байланыш маселеси кыргыз адабиятын окутуунун методикасында көптөн бери көтөрүлүп келе жатканына карабастан, бүгүнкү күнгө чейин жетиштүү деңгээлде чечиле элек. Ошондуктан ал азыр да өзгөчө көңүл бурууну талап кылган теориялык жана практикалык маанилүү маселелердин бири болуп саналат.

Окутууда предмет аралык байланышты колдонуу окуучулардын интеллектуалдык деңгээлин жогорулатууга, терең жана туруктуу билим алуусуна, ошондой эле башка предметтер боюнча алган билимдерин толуктоого жана бекемдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бул жагынан алганда, предмет аралык байланышты максатка ылайыктуу пайдалануу окуучулардын ар түрдүү предметтер боюнча алган билимдеринин ортосундагы байланышты камсыз кылуунун натыйжалуу каражаттарынын бири катары каралышы мүмкүн. Демек, «использование межпредметных связей в образовательном процессе является важным элементом формирования у учащихся целостного восприятия мира и углубления знаний по предметам» [5].

Ушундан улам предмет аралык байланыш деген эмне, анын маани-маңызы эмнеде, окутуу процессиндеги натыйжалуулугу канчалык жана адабият предметин мектепте окутууда ал кандайча колдонулат деген сыяктуу суроолор жаралат. Жалпысынан, «предмет аралык байланыш демейки окутуу ишиндеги маанилүү дидактикалык принциптердин бири, ошондой эле ал жалпы орто билим берүүчү мектептеги сабак процессинин кылымдардан берки бай тажрыйбасынан, педагогикалык иш практикасынан улам табигый түрдө келип чыгуучу окутуу ыгы да болуп эсептелинет» [4, 216-б.].

Предмет аралык байланыштын табигый мүнөзгө ээ болушунун өзүнчө себептери бар. Мектептеги башка окуу предметтерин айтпаганда да, кыргыз адабияты сабагында үйрөнүлүүчү көркөм чыгармадагы окуялар белгилүү бир тарыхый мезгилдин, доордун кеңири панорамасын чагылдырып, конкреттүү географиялык аймактарда өнүгөт. Чыгармада калктын турмуш-тиричилиги, каада-салты, үрп-адаттары, башка элдер жана өлкөлөр менен болгон дипломатиялык байланыштары жана мамилелери, өсүмдүктөр дүйнөсү, жаратылыш көрүнүштөрү, ошол аймакта жашаган жаныбарлар, аларды сактоо жана санын көбөйтүү, аларга гумандуу мамиле кылуу маселелери, аба ырайы жана климаттык шарттар ж.б. жөнүндө баяндалышы мүмкүн. Мындай материалдар көркөм чыгарманы тарых, география, биология жана башка предметтер менен байланышта кароого мүмкүнчүлүк берет.

Андыктан адабият мугалими сабакты кызыктуу, ар түрдүү материалдарга бай жана терең мазмундуу уюштуруу үчүн мектепте окутулган башка предметтер боюнча маалыматтарды максатка ылайыктуу пайдалана алат. Демек, кыргыз адабияты мугалиминин адабиятты окутууда предмет аралык байланыштын мүмкүнчүлүктөрүнө кайрылышы мыйзамченемдүү көрүнүш болуп саналат.

Жогоруда айтылгандардан көрүнүп тургандай, «кыргыз адабиятын окутуудагы предмет аралык байланыш – бул адабият сабагы маалында мектептеги башка окуу предметтеринин материалдарын орду менен, ыктуу пайдалануунун негизинде жаңы теманы терең мазмундуу, кызыктуу кылып түшүндүрүүгө, сабактын демейкиден кыйла маалыматтуу, натыйжалуу чыгышына жетишүү» [4, 217-б.]. Демек, «использование межпредметных связей в современном школьном образовании является непреложным дидактическим условием осуществления образовательного процесса, позволяя школьникам получить не только конкретные знания по каждому из учебных предметов в отдельности, но и обобщенные, позволяющие применить конкретные эти знания из различных научных областей на практике, составляя из них, как из мозаики, картину окружающего нас мира, объективной реальности» [3].

Бир катар илим тармактары боюнча жалпы түшүнүккө ээ болуу адамдын интеллектуалдык жана маданий жактан өнүгүшүнүн маанилүү шарттарынын бири болуп саналат. «Бардыгын билбесек да, эң негизгилерин көңүлгө түйүп, аларды тереңирээк өздөштүрүүгө умтулуубуз, б.а., факт, деталдар эмес, негизги жоболорун билүүбүз керек. Алар биздин маданиятыбыздын, дүйнөгө көз карашыбыздын бир бөлүгү болуп калат» [6, 21-б.], – деп окумуштуу О. Ю. Шмидт белгилегендей, сабакты предмет аралык байланышта уюштуруу аркылуу окуучулардын ар тараптуу жана комплекстүү билим алышына жетишүүгө болот.

Мындай окутууда окуучунун дүйнөгө болгон көз карашы калыптанып, интеллектуалдык маданиятынын байышына, коомдук аң-сезиминин жана дүйнө таанымынын кеңейишине мүмкүнчүлүк түзүлөт. Ошону менен бирге окуучунун адеп-ахлактык жактан тарбияланышына да өбөлгө болот. Бул багытта иш алып барууда мугалимге өзгөчө жоопкерчиликтүү милдет жүктөлөт.

Адабият сабагын предмет аралык байланышта окутуу, биринчи кезекте, окуучуларга таалим-тарбия берүү жана ар тараптуу, терең билим берүү максатында жүзөгө ашырылат. Ошондуктан мындай окутуу окуучуларга тигил же бул коом, анын түзүлүшү жана анда кездешкен типтүү көрүнүштөр жөнүндө түшүнүк берүү менен бирге, алардын адамдык сапаттарынын калыптанышына, дүйнө таанымынын кеңейишине жана курчап турган дүйнөгө карата жеке көз карашынын калыптанышына көмөк көрсөтөт. Мунун негизинде окуучу илимий ой жүгүртүүгө багыт алып, өзүнүн көз карашын жана позициясын аныктоого мүмкүнчүлүк алат.

Мындай учурларда өтүлүүчү чыгарманы — «Каныбек» романын предмет аралык байланыштын негизинде окуп-үйрөнүү зарылдыгы келип чыгат. Мугалим «Каныбек» романы боюнча өтүлүүчү теманын мазмунуна, маңызына жана башка предметтер менен болгон жалпылыктарына карап, тиешелүү материалдарды тандап алат. Тандалып алынган материалдарды мугалим өзү да жакшы билип, өздөштүрүп, сабакка кылдат даярданышы талап кылынат.

Анткени «Каныбек» романы боюнча өтүлүп жаткан темада козголгон айрым проблемаларды окуучуларга жеткиликтүү жана түшүнүктүү кылып берүүдө башка предметтердин фактылык материалдарын сабактын мазмуну менен туура байланыштыруу өзгөчө маани ээ. Эгер тандалып алынган материал өтүлүп жаткан тема менен максатка ылайык байланышта колдонулбаса, предмет аралык байланыш күтүлгөн натыйжаны бербей, убакыттын натыйжасыз пайдаланылышына, окуучулардын түшүнүгүнүн чаташуусуна, материалды кабыл алуусундагы бүдөмүктүккө жана ыраатсыздыкка, ошондой эле жоопсуз суроолордун жаралышына алып келиши мүмкүн. Мындай жагдайларга жол бербөө үчүн башка предметтерден алынуучу материалдарды туура жана билгичтик менен тандап, аларды өтүлүп жаткан теманын мазмуну менен тыгыз байланышта түшүндүрүү максатка ылайыктуу.

Мисалы, «Каныбек» романында чагылдырылган доор, чыгарманын темасы жана идеялык мазмуну боюнча окуучулардын кыйла терең маалыматтарды өздөштүрүүсүнө жетишүү үчүн мугалимдин өзүнүн билими ар тараптуу жана бекем негизге ээ болушу керек. Ошону менен катар ал тиешелүү маалыматтарды окуучулардын кабыл алуусуна ылайык талаптагыдай деңгээлде жеткире билиши зарыл. Бул маселе мугалимдин жалпы билим деңгээлине, чыгармачылык менен иштөө мүмкүнчүлүгүнө жана окутуу чеберчилигине байланыштуу.

Мугалим предмет аралык байланышты К. Жантөшевдин «Каныбек» романы боюнча жаңы теманы окуучуларга түшүндүрүүдө, мурдагы сабактарда өтүлгөн материалдарды кайталоодо, буга чейин алган билимдерин бышыктоодо жана бекемдөөдө, ошондой эле сабактын башка этаптарында ишке ашыра алат. Мында мугалим эске алууга тийиш болгон негизги жагдайлардын бири — класстагы окуучулардын саны жана алардын жаш өзгөчөлүктөрү. «Каныбек» романын 10-класста предмет аралык байланыштын негизинде окутууда дал ушул жагдайларга өзгөчө көңүл буруу зарыл.

К. Жантөшевдин «Каныбек» романын окутууда колдонулуучу предмет аралык байланыштын материалдары окуучуларга жеткиликтүү болушу үчүн ар бир сабактын конкреттүү мазмуну, маңызы, формасы жана негизги максаты көңүл борборунда болууга тийиш. Ошону менен бирге башка предметтерден алынган маалыматтар өтүлүп жаткан сабактын мазмунуна, маңызына жана максатына шайкеш келиши зарыл. Ушунун негизинде предмет аралык байланыш мурда өздөштүрүлгөн маалыматтарды эске салуу, кыскача баяндоо, ошондой эле шартка ылайык окуучулардын өз алдынча иштөөсүнө багытталган үй тапшырмаларын берүү аркылуу ишке ашырылат.

Сабак процессинде предмет аралык байланышты жүзөгө ашыруу окуучуларга окуу предметтеринин негизинде жарандык жана адеп-ахлактык тарбия берүү ишин өркүндөтүүгө көмөк көрсөтөт. Маселен, адабият сабагын, биздин мисалыбызда «Каныбек» романын тарых, коом таануу, лингвистика жана адабият таанууга байланыштуу түшүнүктөр менен айкалыштырып окутуу

окуучулардын кесиптик багыт алуусуна да өбөлгө түзөт. Бул жагдайда өз ара тектеш гуманитардык жана табият таануу предметтеринин материалдарын адабият сабагы менен байланыштырып окутуу билим берүүнүн жана тарбиялоо ишинин натыйжалуулугун жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Ошондуктан мугалим адабият сабагын өтүүгө даярдануунда темага байланыштуу коом таануу, тарых, география, биология, сүрөт, театр жана музыка искусствосу боюнча маалыматтарды да өздөштүрүп туруусу зарыл. Бул өтүлүп жаткан материалды кеңири жана ар тараптуу талдап, аны окуучулардын аң-сезимине жеткиликтүү түрдө жеткирүүгө, ошону менен бирге сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга көмөк көрсөтөт. Программага ылайык башка предметтерден өздөштүрүлгөн окуу материалдары алдын ала тандалып алынып, өтүлүүчү сабактын түзүмүндө тиешелүү орунду ээлеши керек.

Жогоруда белгиленгендей, «мында мугалимдин ар тараптуу билимдүү болушунун, башкача айтканда, жеке гана өзүнүн предмети эмес, ага жакын турган предметтер, андан тышкары бүткүл мектеп иши боюнча да терең маалыматтуу болушунун өтө зор мааниси бар» [2, 115-б.].

Ошондой эле мугалим жогоруда аталган предметтер боюнча коомдук турмуштагы өзгөрүүлөргө жана илимий прогресстин өнүгүшүнө байланыштуу мезгил-мезгили менен толукталып, такталып турган мектеп программаларынын акыркы басылыштары менен таанышып турууга тийиш. Мындан тышкары, жаңыланган программалардын мазмунуна ылайык толукталып турган окуу китептерин жана окуу процессинде багыт берүүчү кошумча каражат катары пайдаланылуучу илимий-методикалык окуу куралдарын үзгүлтүксүз өздөштүрүп турушу зарыл. Мугалимдин алардын мазмунунан кабардар болуп, чыгармачылык жана кесиптик изденүүсүн үзгүлтүксүз улантуусу анын негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Мындан тышкары, мугалим өз предметинин да, предмет аралык байланышта пайдаланылуучу башка предметтердин да методикасы, окутуу ыкмалары, методологиялык негиздери, методикалык формалары жана каражаттары менен жакындан тааныш болушу зарыл. Ошондой эле жогоруда аталган предметтердин мугалимдери менен дайыма тыгыз байланышта болуп, биргелешип чыгармачылык менен иш алып баруусу талап кылынат. Айрым учурларда предмет аралык байланышта колдонулуучу материалдарды тектеш предметтердин мугалимдери биргелешип тандап, талкуулашы мугалимдин ишин жеңилдетүү менен гана чектелбестен, окуучулардын ар тараптуу билим алышына өбөлгө түзүп, натыйжалуу жыйынтыктарга жетишүүгө мүмкүнчүлүк берет.

«…илимдин негиздерин политехникалаштыруу милдетин чечүүгө, балдардын билим деңгээлин тереңдетүүгө, аларды өздөштүрүүнүн ыкмаларын, адаттарын үйрөнүүгө багыттоочу күчтү бир максатка топтоочу мектептик маанилүү документ, тактап айтканда, предмет аралык байланышты иш жүзүнө ашыруунун бүткүл педагогикалык коллектив тарабынан иштелип чыккан конкреттүү программасы болуп калат» [2, 115-б.], – деп профессор К. Иманалиев белгилегендей, мындай биргелешкен иш-аракет окутуунун сапатын жогорулатууга өбөлгө түзүп, окуучулардын ар тараптуу билим алуусуна мүмкүнчүлүк берет. Бул белгилүү өлчөмдө окуучулардын жаңы материалды тез жана жеңил кабыл алышына, мурда калыптанган түшүнүктөрүнүн кеңейишине жана тереңдешине, ошондой эле материалдын маанилүү жактарын ажырата билүү көндүмдөрүнүн калыптанышына шарт түзөт.

Предмет аралык байланыш адабиятты окутуунун методикасында жетиштүү көңүл бурулбай келе жаткан маселелердин бири экендиги жогоруда белгиленди. Ушуга байланыштуу бул маселе мектептер үчүн даярдалган адабият окуу китептеринде жана кошумча окуу куралдарында да жетиштүү деңгээлде чагылдырылбай келет. Кийинки мезгилде жарык көргөн адабият окуу китептеринде предмет аралык байланышка белгилүү деңгээлде көңүл бурула баштаганы менен, бул маселе дагы эле кеңири жана системалуу изилдөөнү талап кылат.

Колдонулган адабияттар

1. Иманалиев К. «Манас» эпосун мектептерде предмет аралык байланышта үйрөнүүнүн кээ бир маселелери // «Манас» жана Рух. – Бишкек, 1995. – Б. 147.

2. Иманалиев К. Кыргыз адабиятын окутуудагы предмет аралык байланыштын айрым маселелери // Кыргыз адабиятын окутуу методикасынын орчундуу маселелери. – Фрунзе: Мектеп, 1984. 112–115.
3. Калишкина Д. В., Титкова Н. Е. Особенности реализации межпредметных связей на уроках литературы // Научный лидер. – 2022. – № 50 (95). – URL: https://scilead.ru/article/3459-osobennosti-realizatsii-mezhpredmetnikh-svyaz (дата обращения: 24.08.2026).
4. Оторбаев Б. К. Кыргыз адабиятын окутуунун методикасы: окуу китеби.–Бишкек: Айат, 2022.–560 б.
5. Рудакова Т. В. Использование межпредметных связей на уроках русского языка и литературы [Электронный ресурс]. – 2024. – 22 сент. – URL: https://solncesvet.ru/opublikovannyie-materialyi/ispolzovanie-mejpredmetnyh-svyazey-na-ur.20488159274/ (дата обращения: 24.08.2026).
6. Отто Юльевич Шмидт. Жизнь и деятельность/– Москва: Изд-во Акад. наук СССР, 1959. – 472 с.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты Кашкариева М.А.

УДК 37.013.42
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-220-224

Раимбекова Ч.З.
А. Мырсабеков атындагы Ош мамлекеттик педагогикалык университети
Раимбекова Ч.З.
Ошский государственный педагогический университет имени А. Мырсабекова
Raimbekova Ch.Z.
Osh State Pedagogical University named after A. Myrsabekov

ORCID 0009-0001-6152-7098

ПЕДАГОГДОРДУН КЕСИПТИК ӨНҮГҮҮСҮ: КЫРГЫЗСТАН ЖАНА СИНГАПУР
ПРОФЕССИОНАЛЬНОЕ РАЗВИТИЕ ПЕДАГОГОВ: КЫРГЫЗСТАН И СИНГАПУР
PROFESSIONAL DEVELOPMENT OF TEACHERS: KYRGYZSTAN AND SINGAPORE

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада педагогдордун кесиптик өнүгүүсү сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуунун негизги факторлорунун бири жана ар бир мамлекеттин билим берүү системасын өнүктүрүүнүн маанилүү багыты катары каралат. Кыргыз Республикасында педагогдордун кесиптик өнүгүү системасын өркүндөтүү багытында бир катар иштер жүргүзүлүп келет. Ошол эле учурда башка мамлекеттердин тажрыйбасы менен салыштырганда бул тармакта белгилүү бир окшоштуктар жана айырмачылыктар бар. Макалада Кыргызстандагы педагогдордун кесиптик өнүгүү системасынын негизги максаттары каралып, Сингапурдун тажрыйбасы менен салыштырылат.

Аннотация: В данной статье профессиональное развитие педагогов рассматривается как один из ключевых факторов обеспечения качественного образования и важное направление развития образовательной системы каждого государства. В Кыргызской Республике проводится ряд мероприятий, направленных на совершенствование системы профессионального развития педагогов. Вместе с тем при сравнении с опытом других государств в данной сфере выявляются определённые сходства и различия. В статье рассматриваются основные цели системы профессионального развития педагогов Кыргызстана и проводится её сравнение с опытом Сингапура.

Abstract: This article considers teachers' professional development as one of the key factors in ensuring quality education and an important area in the development of the education system of every country. In the Kyrgyz Republic, a number of measures are being implemented to improve the system of teachers' professional development. At the same time, comparison with the experience of other countries reveals certain